ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com



ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

| КУБАТТАЛГАН | БЕКИТИЛГЕН |
|---|---|
| «Айыл Банк» ААКтын Башкармалыгынын 2018-жылдын 20-декабрындагы №63/2 токтому менен | «Айыл Банк» ААКтын Директорлор кеңешинин 2018-жылдын 21-декабрындагы №53/6 токтому менен |

**ОТКРЫТОЕ АКЦИОНЕРНОЕ ОБЩЕСТВО «АЙЫЛ БАНК»**
**АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ «АЙЫЛ БАНК»**
**THE OPEN JOINT-STOCK COMPANY «AIYL BANK»**

# «АЙЫЛ БАНК» ААКсында ТАЛАМДАРДЫН КАРШЫ КЕЛИП КАЛЫШЫНА ЖОЛ БЕРҮҮ САЯСАТЫ

(“Айыл Банк” ААКсынын Директорлор Кеңешинин 2019-жылдын 24-декабрындагы №69/11 токтомунун редакциясында)

## МАЗМУНУ

ГЛАВА I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР ....................3
ГЛАВА II. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР ....................3
ГЛАВА III. ТАЛАМДАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУН БАШКАРУУНУН МАКСАТТАРЫ, МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ПРИНЦИПТЕРИ ....................4
ГЛАВА IV. ТАЛАМДАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУ ....................5
ГЛАВА V. ТАЛАМДАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУН БАШКАРУУДАГЫ МҮМКҮН БОЛО ТУРГАН ТОБОКЕЛДИТЕР ....................6
ГЛАВА VI. ТАЛАМДАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУН БАШКАРУУ ....................6
ГЛАВА VII. ТАЛАМДАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУН АЛДЫН АЛУУ ЭТАПТАРЫ ....................7
ГЛАВА VIII. БЕЛЕКТЕРДИ ЖАНА КАЙРЫМДУУЛУКТАРДЫ КАБЫЛ АЛУУГА КАРАТА ЧЕКТӨӨЛӨР ....................11
ГЛАВА IX. ЖООПКЕРЧИЛИК ....................12
1-Тиркеме ....................13

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

## ГЛАВА I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. "Айыл Банк" ААКта Таламдардын кагылышуусу жөнүндө саясат (мындан ары - Саясат) Кыргыз Республикасынын "Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө" мыйзамдарынын талаптарына, Кыргыз Республикасынын банктарында тобокелдиктерди башкаруу боюнча минималдуу талаптары жөнүндө жобонун, Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында корпоративдик башкаруу жөнүндө жобонун жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) башка ченемдик укуктук актыларынын, "Айыл Банк" ААКтын (мындан ары - Банк) Корпоративдик башкаруу кодексинин талаптарына жана Банктын башка ички ченемдик документтерине ылайык иштелип чыкты.

1.2. Ушул Саясат Банктагы таламдардын кагылышуусунун негизги максаттарын, маселелерин жана башкаруу принциптерин, процесстин катышуучуларын, алардын маселелерин, иш-милдеттерин, ыйгарым укуктарын жана өзүнүн ишинде таламдардын кагылышуусуна жол берген жактардын жоопкерчилигин аныктайт, ошондой эле таламдардын кагылышуусу менен байланышкан, Банктын ишинде мүмкүн боло турган коркунучтар жөнүндө Директорлор кеңешин жана Башкармалыкты маалымдоо тартибин камтуу менен, таламдардын кагылышуусун башкаруу этаптарын аныктайт.

1.3. Саясат, таламдардын кагылышуусун аныктоодо жана башкарууда жана Банкта аларга жол бербөө максатында, бирдиктүү ыкмаларды аныктоо үчүн дайындалган.

1.4. Ушул саясат Банктын бардык түзүмдүк бөлүмдөрү, кызматкерлери жана Банктын кызмат адамдары үчүн бирдиктүү болуп саналат жана комплаенс - тобокелдикти тескөө системасынын бир бөлүгүн түзөт, Саясат Банктын бардык кызматкерлерине жана кызмат адамдарына карата иштейт жана Банктын ишинин бардык чөйрөлөрүндө, Банктагы ээлеген кызматына карабастан, Банктын бардык кызматкерлерине карата колдонулушу зарыл.

1.5. Ушул Саясат Банктын Директорлор кеңеши тарабынан бекитилет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, Саясаттын жоболорун мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирүү үчүн, ошондой эле Банктын операциялык ишинде жана/ же стратегиясында өзгөртүүлөрдү киргизүүгө байланыштуу, бирок жылына бир жолудан кем эмес, Саясат кайрадан каралышы зарыл. Ушул Саясатка киргизилген бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор Банктын Директорлор кенеши тарабынан бекитилет.

1.6. Банк ушул Саясатты Банктын расмий сайтында жайгаштырат жана Банкта таламдардын кагылышуусуна жол бербөө саясатын ачык өткөрөт, Банктын бардык кызмат адамдары жана кызматкерлери тарабынан ушул Саясаттын принциптерин жана талаптарын сактоосун демилгелейт.

## ГЛАВА II. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

**Аффилирленген жактар жана Банк менен байланышкан жактар –** "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталган жактар, аффилирленген жана Банк менен байланышкан жактар болуп саналат.

**Банктын кызмат адамдары жана алардын жакын туугандары –** "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталган жактар, Банктын кызмат адамдары жана алардын жакын туугандары болуп саналат.

**Сый акы:**

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com



ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

- Банктын кызматкерлерине жана/ же кызмат адамдарына жана/ же алар менен байланышкан жактарга акысыз же арзандатылган баада буюмдарды, анын ичинде финансылык каражаттарды берүү;
- Банктын кызматкерлерине жана/ же кызмат адамдарына жана/ же алар менен байланышкан жактарга акысыз же арзандатылган баада кызмат көрсөтүү.

**Таламдардын кагылышуусу** - Банктын кызмат адамдарынын жана (же) кызматкерлеринин жеке кызыкчылыгы менен өзүнүн кызматтык милдеттеринин же Банктын жана (же) кызматкерлеринин жана (же) кардарларынын мүлктүк жана башка кызыкчылыгынын ортосунда карама-каршылык пайда болгон жагдай, бул жагдайдын аркасы менен Банк жана (же) кардарлары үчүн ыңгайсыз натыйжалар пайда болушу мүмкүн.

**Жеке кызыкчылыгы** - материалдык жана/ же башка пайда, анын ичинде Банктын кызматкери жана/ же кызмат адамы өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруунун натыйжасында өзү үчүн жана/ же жакын туугандары үчүн алууга умтулган артыкчылык;

**Белек** - Банктын кызматкеринин жана/ же кызмат адамдарынын жана/ же алар менен байланышкан адамдардын пайдасына кандай болбосун мүлктүк жана мүлктүк эмес жыргалчылыктар, анын ичинде кызмат көрсөтүүлөр, укуктарды өткөрүп берүү, милдеттерден/ милдеттенмелерден бошотуу, кандайдыр бир укуктардан баш тартуу, ошондой эле алар аркылуу ушул адамдарга кандайдыр бир жыргалчылыктарды берүүчү башка аракеттер.

## ГЛАВА III. ТАЛАМДАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУН БАШКАРУУНУН МАКСАТТАРЫ, МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ПРИНЦИПТЕРИ

3.1. Ушул Саясаттын максаты болуп, Банктык операцияларды жана Банктын бүтүмдөрүн жүргүзүүдө таламдардын кагылышуусун жана пайда болуу шарттарын четтетүү саналат.

3.2. Ушул Саясаттын негизги маселелери болуп төмөнкүлөр саналат:

– кардарлардын жана контрагенттердин Банкка болгон ишенимин жогорулатуу, алардын таламдарын коргоо жана Банктын ишкер аброюн камсыздоо;
– Банкта таламдардын кагылышуусун алдын алуу, аныктоо жана жөнгө салуу үчүн натыйжалуу механизмдерди иштеп чыгуу;
– Банк өз ишин жүргүзүү процессинде таламдардын кагылышуусунун пайда болуу тобокелин азайтууга мүмкүнчүлүк берген чаралардын комплексин аныктоо;
– таламдардын кагылышуусун башкаруунун милдеттүү стандарттарын аныктоо;
– Банктагы таламдардын кагылышуусун алдын алуу процессине кызыкдар болгон бардык жактарга карата маалыматтык ачыктыкты камсыздоо;
– Банктын Корпоративдик башкаруу кодексинде белгиленген, Банкта корпоративдик башкаруу стандарттарын сактоо;
– мүмкүн боло турган таламдардын кагылышуусу жөнүндө маалыматты ачуу принциптерин, таламдардын кагылышуу шарттарында, Банктын кызматкерлеринин жана кызмат адамдарынын тарабынан чечимдерди кабыл алуу механизмдерин жана жүрүш-туруш ченемдерин белгилөө.

3.3. Банкта таламдардын кагылышуусун башкаруу төмөнкү негизги принциптерде негизделет:

– кардарлардын жана Банктын кызыкчылыктардын артыкчылыгы;
– ачык-айкындыкты жана көзөмөлдөөнү камсыз кылуу;
– жеке жоопкерчилик жана жеке үлгү.

3.4. Банк биринчи орунга кардарлардын кызыкчылыгын, экинчи орунга – Банктын кызыкчылыгын, ал эми Банктын кызматкерлеринин жана кызмат адамдарынын

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

кызыкчылыгын үчүнчү орунга коёт.

3.5. Идентификациялоо жана Банктын бардык деңгээлдеринде таламдардын кагылышуусуна жол бербөө, биринчи ирет, Банктын кызмат адамдары жана кызматкерлери өз милдеттерин аткарууда жеке кызыкчылыгына жол бербөөгө багытталган.

## ГЛАВА IV. ТАЛАМДАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУ

4.1. Таламдардын кагылышуусу – комплаенс–тобокелдиктин фактору. Банктын стратегиялык максаттарына жетүү факторлорунун бири болуп, профессионалдык этиканын стандарттарын белгилөөгө жана таламдардын кагылышуусун алдын алууга, ошондой эле Банктын ишинде таламдардын кагылышуусу пайда боло турган жагдайларды жана чөйрөлөрдү аныктоого багытталган, Директорлор кеңешинин жана Башкармалыктын иши саналат.

Директорлор Кеңеши жана Банк Башкармасы:

- таламдардын каршы келип калышына бөгөт коюу/жол бербөө максатында Банктын жетекчилер курамын аныктоодо жана алардын милдеттерин бөлүштүрүүдө “ар тараптан контролдук” принцибин так сактоого тийиш;
- Банкта корпоративдик башкаруу принцибинин бузулушуна жана эмгек жамаатында корпоративдик духтун (моралдык-психологиялык маанайдын) солгундашына алып келиши мүмкүн болгон таламдардын каршы келип калышына жол бербөө максатында корпоративдик жүрүм-турум жана корпоративдик маданиятты калыптандырат.

(“Айыл Банк” ААКсынын Директорлор Кеңешинин 2019-жылдын 24-декабрындагы №69/11 токтомунун редакциясында)

4.2. Таламдардын кагылышуусу банк ишине жана баалуу кагаздар рыногундагы ишке таандык жана ушул таламдардын кагылышуусуна карата аныктоо, баалоо, башкаруу жана ачуу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсө, бузуу болуп саналбайт.

4.3. Таламдардын кагылышуусуна жол бербөө боюнча тиешелүү чаралар көрүлбөгөндөргө карата таламдардын кагылышуусу, Банктын аброюна коркунуч келтирет жана бузууга жол бергендерге карата, Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарына жана Банктын ички ченемдик документтерине ылайык, жоопкерчилик ченемдери колдонулушу зарыл.

4.4. Банктын кызмат адамы жана кызматкерлери ушул Саясатка карата 2-тиркемеден болгон сурамжылоо баракчасына ылайык, кызмат ордуна дайындалганга (шайланганга) чейин, Банк менен байланыштуу жактан же анын кызматкеринен болгон жакын тууган-туушкандарынын тизмесин Банкка сунуштоого милдеттүү.

(“Айыл Банк” ААКсынын Директорлор Кеңешинин 2019-жылдын 24-декабрындагы №69/11 токтомунун редакциясында)

4.5. Банк менен таламдарынын кагылышуусу пайда болгону жөнүндө билип калган Банктын кызмат адамы жана/ же кызматкери, ушул Саясатта белгиленген тартипке ылайык, Банк Башкармалыгына жана/ же Директорлор кеңешине тез билдирүүгө милдеттүү. Таламдардын кагылышуусу (же таламдардын кагылышуусу ыктымалдыгы) Банктын аброюна коркунуч келтирет.

(“Айыл Банк” ААКсынын Директорлор Кеңешинин 2019-жылдын 24-декабрындагы №69/11 токтомунун редакциясында)

4.6. Таламдардын кагылышуусун алдын алуу же жөнгө салуу, таламдардын кагылышуусунун бир тарабы болгон Банктын кызматкеринин кызматтык милдеттенмелеринин алкагында аткарылган маселелердин жана тапшырмалардын өзгөртүүсүнөн жана/ же таламдардын кагылышуусуна себеп болгон пайда алуудан баш тартуудан турат (мисалы, Банктын конкреттүү кардары же контрагенти менен

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com


иштөөдөн баш тартуу, бүтүмдү даярдоодон баш тартуу ж.б.).

4.7. Банктын кызматкеринин таламдарынын кагылышуусу болгон жагдайда, көрсөтүлгөн таламдардын кагылышуусун четтетүүгө мүмкүн болбогон учурда, Банктын таламдары артыкча болуп саналат.

4.8. "Айыл Банк" ААКтын Кадрлар жөнүндө жобосунун 2-Тиркемесине ылайык, Банктын бардык кызматкерлери жана кызмат адамдары ушул Саясаттын талаптары менен кол коюп тааныштырылышы керек.

Эскертүү: тааныштырууну Банктын Персонал менен иш алып баруу башкармалыгы жүргүзөт.

("Айыл Банк" ААКсынын Директорлор Кеңешинин 2019-жылдын 24-декабрындагы №69/11 токтомунун редакциясында)

## ГЛАВА V. ТАЛАМДАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУН БАШКАРУУДАГЫ МҮМКҮН БОЛО ТУРГАН ТОБОКЕЛДИТЕР

5.1. Банкта таламдардын кагылышуусун алдын алуу максатында, Банктагы бизнес-операциялардын, операциялардын жана бүтүмдөрдүн сапатына көз карандысыз баалоо функциясынын жоктугуна жол берилбейт, Банктын кызмат адамдары менен кызматкерлеринин ортосунда кызматтык иш-милдеттери чектелиши зарыл.

5.2. Таламдардын кагылышуусун талаптагыдай эмес башкаруунун натыйжасында, Банкта төмөнкү тобокелдиктердин түрлөрү пайда болушу мүмкүн:

- пайда болгон таламдардын кагылышуусуна көңүл бурбоо менен жана алардын кардарлар, өнөктөр жана коом тарабынан Банкка болгон мамилесине таасир тийгизүүсү менен байланышкан аброй тобокелдиги;
- кардарлардын таламдары бузулган же Банк жана анын кызматкерлери жүргүзгөн операциялардын жана бүтүмдөрдүн мыйзамдуулугун талашкан учурда, мүмкүнчүлүктүү натыйжалары менен байланышкан укуктук тобокелдик.
- Банктын кызмат адамдары жана/ же кызматкерлери Банктын ишинде таламдардын кагылышуусуна жол бербөө жөнүндө Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарынын талаптарын, ошондой эле таламдардын кагылышуусун башкаруу жол-жоболорун жөнгө салган, ушул Саясаттын жоболорун жана Банктын башка ички ченемдик документтерин бузганына байланыштуу, комплаенс-тобокелдик.

## ГЛАВА VI. ТАЛАМДАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУН БАШКАРУУ

6.1. Банктын кызмат адамдары жана/ же кызматкерлери тарабынан таламдардын кагылышуусун башкаруу кызматтык ишти жүзөгө ашырууда мүмкүн болуучу таламдардын кагылышуусуна жол бербөө жоопкерчилигин өзүнө алуу боюнча аларга коюлган талаптар, ошондой эле мындай кагылышуунун бар экендиги жөнүндө жазуу түрүндөгү же ачык (оозеки) арызды жогору турган жетекчиге билдирүү аркылуу жүрүп жаткан таламдардын кагылышуусун жөнгө салуу, кийин таламдардын кагылышуусун чечүү жоопкерчилигин ушул жетекчиге өткөрүп берүү менен билдирилет.

6.2. Банктын жетекчилиги, Комплаенс - көзөмөл башкармалыгы, Банктын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана филиалдарынын жетекчилери тарабынан таламдардын кагылышуусун башкаруу, Банктын кызмат адамдарынын жана/ же кызматкерлеринин кызматтык ишиндеги мүмкүн болгон таламдардын кагылышуусун талдоо, таламдардын кагылышуусунун бар экендиги жөнүндө ушул адамдардын арыздарын карап чыгуу, таламдардын кагылышуусун алдын алуу же болбосо аныктоо үчүн көзөмөлдөө, текшерүүлөр, таламдардын кагылышуусу бар экендиги жөнүндө үчүнчү жактардан келип түшкөн маалыматтарды изилдөө жана таламдардын кагылышуусун

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com



жөнгө салуу, ошондой эле Банктын ишинде таламдардын кагылышуусу менен байланышкан коркунучтар жөнүндө Банктын Директорлор кеңешин жана Башкармалыгын маалымдоо жолу менен жүзөгө ашырылат.

6.3. Таламдардын кагылышуусун алдын алуу жана жөнгө салуу, Банктагы корпоративдик башкаруунун негизги багыттарынын бири болуп саналат.

6.4. Банк кызмат адамдарынын, ошондой эле кызматкерлеринин компетенциясын жана милдеттерин таламдардын кагылышуусуна жол бербегендей кылып чектейт.

6.5. Таламдардын кагылышуусунун бир тарабы болуп калышы мүмкүн болгон Банктын кызмат адамдары жана/ же кызматкерлери, ушул Саясатта каралган тартипте, таламдардын кагылышуусун алдын ала токтотуу максатында, Банкты алдын ала маалымдашы зарыл, ошондой эле таламдардын кагылышуусуна алып келе турган иш-аракеттерди жүргүзбөшү керек.

6.6. Банктын кызмат адамдары жана/ же кызматкерлери таламдардын кагылышуусуна шарт түзгөн жана пайда болушуна алып келген иш-аракеттерди жүргүзбөшү керек.

6.7. Жакын тууган болуп саналган Банктын кызматкерлери бири бирине баш ийип иштей алышпайт, ошондой эле Банктын Кадрлар жөнүндө жободо белгиленген чектемелерге ылайык, Башкармалыктын мүчөлөрүнүн жакын туугандары жана жубайлары Банкка жумушка кабыл алынбайт.

6.8. Тигил же бул иш менен алектене турган Директорлор кеңешинин мүчөлөрү, таламдардын кагылышуусун болтурбоо максатында, бул маселени Директорлор кеңешинин кароосуна чыгарышы зарыл, өзү болсо добуш берүүгө катышпайт.

6.9. Кызыкдар адамдар пайда болгон таламдардын кагылышуусунун жөнгө салуусуна катышпашы керек.

## ГЛАВА VII. ТАЛАМДАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУН АЛДЫН АЛУУ ЭТАПТАРЫ

7.1. Мүмкүн боло турган таламдардын кагылышуусун алдын алуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу жана пайда болгон таламдардын кагылышуусун өз убагында аныктоо жана жөнгө салуу, ошондой эле Банктын кызмат адамдарынын, кызматкерлеринин жана түзүмдүк бөлүмдөрүнүн иш-аракеттерин так координациялоо максаттарында, Банктагы таламдардын кагылышуусун алдын алуу процесси төмөнкү этаптарга бөлүнөт:

- таламдардын кагылышуусунун пайда болушун алдын алуу: таламдардын кагылышуусунун пайда болушуна жол бербөө боюнча чараларды көрүү;
- таламдардын кагылышуусун аныктоо: дайыма өткөрүлүүчү мониторинг жана таламдардын кагылышуусунун пайда болушуна алып келиши мүмкүн болгон жагдайларды баалоо;
- таламдардын кагылышуусун жөнгө салуу: пайда болгон таламдардын кагылышуусун толук жана ыкчам чечүүгө багытталган чаралардын комплекси.

7.2. Таламдардын кагылышуусун идентификациялоо, алдын алуу жана жөнгө салуу максаттарында, Банктын кызмат адамдары жана/ же кызматкерлери төмөнкүлөрдү аткарышат:

- өз ишинде таламдардын кагылышуусунун пайда болуу ар кандай мүмкүнчүлүгүнө жол бербөө боюнча чараларды көрүү;
- пайда болгон таламдардын кагылышуусу жөнүндө же пайда болуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө белгилүү болору менен, өзүнүн жетекчисине жана Банктын Комплаенс-көзөмөл башкармалыгына, Ушул Саясаттын 1-Тиркемесине ылайык (таламдардын каршы келип калышы жөнүндө Декларация ), жазуу түрүндө билдирүүгө. Өз кезеги менен Банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмүнүн жана/ же филиалдын жетекчиси, таламдардын кагылышуусу жөнүндө жана таламдардын кагылышуусун алдын алуу же жөнгө салуу максаттарында көрүлгөн же көрүлө турган чаралары жөнүндө

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com



ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

маалыматты Башкармалыктын тескөөчү мүчөсүн маалымдоого милдеттүү;
(“Айыл Банк” ААКсынын Директорлор Кеңешинин 2019-жылдын 24-декабрындагы №69/11 токтомунун редакциясында)

- эгерде Банктын кызматкери жетекчиликке кайрылгандан кийин таламдардын кагылышуусун алдын алууга же жокко чыгарууга багытталган чаралар көрүлбөсө, же болбосо көрүлгөн чаралардын натыйжасында таламдардын кагылышуусу жоюлбаса, көрсөтүлгөн жактар Банктын Комплаенс-көзөмөл башкармалыгын сөзсүз түрдө маалымдашы зарыл. Комплаенс-көзөмөл башкармалыгы таламдардын кагылышуусу жөнүндө жана ага байланышкан Банк үчүн коркунучтар жөнүндө Банктын Директорлор кеңешин сөзсүз түрдө маалымдашы зарыл.

7.3. Банктын айрым кызматкеринин компетенциясынан тышкары чыккан таламдардын кагылышуусу, Банктын жетекчилиги деңгээлинде бааланат. Эгерде Банктын кызматкери таламдардын кагылышуусу бар болгонуна же болбосо аны кантип баалаш керектигине шектенсе, ал өзүнүн жетекчисине, ошондой эле ушул Саясаттын 7.2-пунктунда каралган тартипте, Комплаенс-көзөмөл башкармалыгына жардамга кайрылышы зарыл.

**I-этап. Таламдардын кагылышуусунун пайда болушун алдын алуу.**

7.4. Банк, Банктын кызмат адамдары жана/ же кызматкерлери таламдардын кагылышуусун алдын алуунун бардык мүмкүн болгон мыйзамдуу ыкмаларын колдонушу керек.

7.5. Директорлор кеңеши кабыл алган чечимдердин объективдүүлүгүн жана таразалангандыгын камсыздоо максаттарында, Директорлор кеңешинин курамында көз карандысыз мүчөлөрү бар.

7.6. Таламдардын кагылышуусунун пайда болушун алдын алуу максатында, Банктын кызмат адамдарынын жана/ же кызматкерлеринин арасында кызматтык иш-милдеттерди бөлүштүрүү жана ыйгарым укуктарды берүү, таламдардын кагылышуусунун пайда болушунун мүмкүнчүлүктүү факторлорун азайткандай кылып жүргүзүү зарыл.

7.7. Банктын финансылык абалына ылайык, ошондой эле пландаштырылган көрсөткүчтөр боюнча Банктын ишинде жетишкендиктерди эске алып, Банктын кызмат адамдарына төлөнгөн сый акынын шайкештигин Банк камсыздашы керек.

7.8. Персонал менен иш алып баруу башкармалыгы жана Банктык корпоративдик катчысы Банктын кызмат адамдарынан жакын туугандары, Банк менен байланышкан жактары жөнүндө, анын ичинде аффилирленген жана Банк менен байланышкан жактар менен жүргүзүлгөн операцияларга талаптар жөнүндө жобого ылайык, алар көзөмөлдөгөн юридикалык жактар жөнүндө маалыматты сурайт.

7.9. Таламдардын каршы келип калышы ыктымалдыгына баа берүү жана ага бөгөт коюу максатында өз учурунда тиешелүү чараларды көрүү максатында Комплаенс-контролдук башкармалыгы орун алган мына ушундай жагдайлар боюнча маалымат базасын түзүп, Банк менен аффилирленген жана байланыштуу жактар менен операцияларга, атап айтканда алардын тууган-туушкандары менен операцияларга жана/же келишилген бүтүмдөргө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзөт.
(“Айыл Банк” ААКсынын Директорлор Кеңешинин 2019-жылдын 24-декабрындагы №69/11 токтомунун редакциясында)

7.9-1. Маалымат базасына каттоо жана банк операцияларын жүргүзүүдө/кызмат көрсөтүүлөрдө жана бизнес-процесстерде таламдардын каршы келип калышын аныктоо үчүн Комплаенс-контролдук башкармалыгы ушул Саясатка карата 2-тиркемеге ылайык, туугандык байланыштарды аныктоо көз карашынан Банктын учурда иштеп жаткан кызматкерлери жана кызмат адамдары арасында сурамжылоолорду жүргүзөт.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com


(“Айыл Банк” ААКсынын Директорлор Кеңешинин 2019-жылдын 24-декабрындагы №69/11 токтомунун редакциясында)

7.10. Комплаенс-көзөмөл башкармалыгы, ушул Саясаттын 7.9-пунктунда көрсөтүлгөн маалымат базасын киргизүү максатында, аффилирленген жана Банк менен байланышкан жактардын реестрин Риск-менеджмент бөлүмүнөн сурайт.
(“Айыл Банк” ААКсынын Директорлор Кеңешинин 2019-жылдын 24-декабрындагы №69/11 токтомунун редакциясында)

7.11. Комплаенс-көзөмөл башкармалыгы, Банктын түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө жоболорунда жана Банктын башка ички ченемдик документтеринде аныкталган, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишине дал келбеген функциялардын жоктугуна көзөмөл жүргүзүшү зарыл.

7.12. Банк өзүнүн кызматкерлери жана кызмат адамдары жөнүндө кызматтык маалыматтын, анын ичинде жеке маалыматтары жана жеке кирешелери жөнүндө маалыматтын конфиденциалдуулугун камсыздайт, бирок Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурлардан тышкары.

7.13. Банктын кызмат адамдары жана/ же кызматкерлери өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруусуна байланыштуу банктык жашыруун сырын түзгөн маалыматты тараткан учурда, ага карата, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Банктын ички ченемдик документтеринде белгиленген чаралар көрүлөт.

7.14. Банктын кызмат адамдары жана/ же кызматкерлери таламдардын кагылышуусуна алып келген маалыматты толук ачууга милдеттүү. Таламдардын кагылышуусу пайда болушу мүмкүн болгондо, Банктын кызмат адамы жана/ же кызматкери, ушул Саясаттын 7.2-пунктунда белгиленген тартипте, өзүнүн жетекчисин, Комплаенс-көзөмөл башкармалыгын жазуу түрүндө маалымдашы зарыл. Комплаенс-көзөмөл башкармалыгы, керек болгон учурларда, түзүлгөн жагдайда жүргүзүлүүчү иш-аракеттер тууралуу консультацияны берет.

7.15. Банктын кызмат адамдары жана кызматкерлери таламдардын кагылышуусун алдын алуу үчүн ар кандай чараларды, анын ичинде төмөнкү чараларды көрүшү зарыл:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын жана Банктын ички ченемдик документтеринин талаптарын сактоого;
- жеке кызыкчылыгы менен Банктын кызыкчылыгынын ортосунда таламдардын кагылышуусуна алып келиши мүмкүн болгон аракеттерди жасабоого;
- таламдардын кагылышуусу пайда болушуна карата кабыл алынган чечимдердин натыйжаларын алдын ала баалоого;
- Банктын бүтүмдөрүн жана операцияларын жүргүзгөндө, Банктын ички ченемдик документтеринде белгиленген жол-жоболорду жана тартипти сактоого;
- Банктын кызмат адамдарынын жана/ же кызматкерлеринин жеке кызыкчылыгы бар болгон бүтүмдөрдү аныктоого;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын талаптарына ылайык ачууга тийиш болгон, Банктын иши жана операциялары/ бүтүмдөрү жөнүндө маалыматты өз убагында жана ишенимдүү ачуусун камсыздоого;
- аффилирленген жана Банк менен байланышкан жактардын реестрин жүргүзүүсүн камсыздоого;
- (“Айыл Банк” ААКсынын Директорлор Кеңешинин 2019-жылдын 24-декабрындагы №69/11 токтомунун негизинде күчүн жоготту);
- Банктын кызматкерлеринин жана алардын жакын туугандарынын тизмесин жүргүзүүсүн камсыздоого;
- Банкта болгон таламдардын кагылышуусу жөнүндө маалымат базасын жүргүзүүсүн камсыздоого;
- кызматтык милдеттерди аткарууда алынган конфиденциалдуу жана ички

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

маалыматтын таратпоосун камсыздоого;

- конфиденциалдуу жана ички маалыматтын сакталышын камсыздоо боюнча талаптарды аткарууга;
- Банктын тобокелдиктерин, анын ичинде Банктын ишкер аброюн жоготуу тобокелдигинин натыйжалуу башкаруусун камсыздоого;
- Банктын ички көзөмөл системасынын натыйжалуу иштешин камсыздоого;
- Банктын кардарларынын кызыкчылыгынын артыкчылык принцибин сактоого;

7.16. Ушул Саясаттын 7.15 пунктунда көрсөтүлгөн чаралардын тизмеси толук эмес. Ар бир жагдайда, таламдардын кагылышуусунун пайда болушун өз убагында алдын алууга багытталган чаралар көрүлөт.

**II-этап. Таламдардын кагылышуусун аныктоо**

7.17. Таламдардын кагылышуусун аныктоо, ушул Саясатта каралган чараларды эске алып, Банктагы эмгек ишмердүүлүгүнүн процессинде, Бактын кызмат адамдары жана кызматкерлери тарабынан жүргүзүлүшү зарыл.

7.18. Эгерде Бактын кызмат адамына жана/ же кызматкерине таламдардын кагылышуусу жөнүндө белгилүү болуп калса, ал ушул Саясаттын 7.2 пунктунда көрсөтүлгөн жактарды тез аранын ичинде маалымдашы керек.

7.19. Таламдардын кагылышуусун аныктоо төмөнкүлөр аркылуу жүргүзүлөт:

- Банктын кызмат адамдарын жана/ же кызматкерлерин жумушка кабыл алууда, тууугандарынын бардыгын текшерүү;
- банктык мыйзамдарга ылайык, банк кызматтарын көрсөтүүдө, операцияларды жүргүзүүдө, банктык тейлөө шарттарын белгилөөдө, ошондой эле мамлекеттик сатып алуулар мыйзамдарына ылайык, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, аффилирленген жана Банк менен байланышкан жактарды аныктоо;
- ушул Саясатта каралган тартипте, таламдардын кагылышуусу пайда болгону жөнүндө жетекчини жана Комплаенс-көзөмөл башкармалыгын маалымдоо;
- таламдардын кагылышуусун алдын алуу, аныктоо максатында, Комплаенс-көзөмөл башкармалыгы көзөмөлдү ушул Саясатка ылайык жүргүзөт;
- Банктын дарегине келип түшкөн арыздарды жана даттанууларды кароо жана иликтөө.

7.20. Директорлор кеңешинин же Башкармалыктын мүчөсүндө таламдарынын кагылышуусу пайда болгон учурда, ал кызыкчылыгы бар болгон маселе боюнча талкуулоого жана добуш берүүгө катышууга укугу жок. Мындай маалымат жазуу түрүндө Директорлор кеңешине жана Банктын корпоративдик катчысына, 1-Тиркемедеги декларация түрүндө жеткирилиши зарыл. Декларацияда, таламдардын кагылышуусунун себептерин жана пайда болуу факторлорун көрсөтүү менен, таламдардын кагылышуусу пайда болгон фактысы жөнүндө же ушундай мүмкүнчүлүк жөнүндө маалымат болушу зарыл. Банктын корпоративдик катчысы, таламдардын болгон кагылышуусу жөнүндө маалыматты маалымат базасына киргизүү максатында, Комплаенс-көзөмөл башкармалыгына декларациялардын көчүрмөлөрүн берет.

7.21. Эгерде таламдардын кагылышуусу Директорлор кеңешинин же Башкармалыктын мүчөсү кабыл алган чечимге таасир тийгизе алса, таламдардын кагылышуусу жөнүндө декларация, ушул маселе киргизилген күн тартиби боюнча өткөрүлгөн отурумга чейин алынышы зарыл. Эгерде Директорлор кеңеши жана Банктын корпоративдик катчысы таламдардын кагылышуусу жөнүндө декларацияны, ушул маселе киргизилген күн тартиби боюнча өткөрүлгөн отурумдан кийин алса, анда мындай добуш жараксыз болуп саналат жана таламдардын кагылышуусу бар болгон мүчөсүн катыштырбай бул маселе кайтадан добуш берүүгө чыгарылат.

7.22. Комплаенс-көзөмөл башкармалыгы таламдардын кагылышуусун аныктаган учурда же таламдардын кагылышуусунун бир тарабы болуп Банктын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Банктын филиалынын жетекчилери саналган учурда, мындай маалымат, ушул Саясатта көрсөтүлгөн маалымдоо тартибин эске алуу менен, Башкармалыктын тескөөчү мүчөсүнө жана Директорлор кеңешине жеткирилиши керек.

**III-этап. Таламдардын кагылышуусун жөнгө салуу тартиби**

7.23. Банктын кызмат адамдары жана/ же кызматкерлери, Банктын мыйзамдуу таламдарын эске алып, пайда болгон таламдардын кагылышуусун жөнгө салуу үчүн бардык керектүү ыкмаларды колдонулушу керек.

7.24. Таламдардын кагылышуусу кызыкчылыгына таасир тийгизген жактардын, анын жөнгө салуусуна катыша алышпайт.

7.25. Таламдардын мүмкүнчүлүктүү кагылышуусун жөнгө салуу Банктын жетекчилигинин жана/ же кызматкерлеринин өзүнүн кызматтык милдетин өздүк (жеке) кызыкчылыктары үчүн пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн табуу жана жоюу аркылуу жүзөгө ашырылат жана өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

– Банктын кызматкерлерине, ээлеген кызматына карабастан, таламдардын кагылышуусу болгон жагдайда ишти жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды түшүндүрүүнү;
– берилген маалыматтарды иликтөөнү, таламдардын кагылышуусунун мүмкүн болгон жагдайларын жана аларды чечүү варианттарын аныктоону жана талдоону, ошондой эле Банктын жетекчилигине жана кызматкерлерине ушул жагдайларды түшүндүрүүнү;
– таламдардын кагылышуусун жок кылуу үчүн Банктын жетекчилиги көргөн чараларды.

7.26. Таламдардын кагылышуусун жөнгө салуу, таламдардын кагылышуусунун жагдайын карап чыгуу, аны чечүү үчүн чечимдерди табуу жана колдонуу аркылуу жүзөгө ашырылат.

7.27. Таламдардын кагылышуусун жөнгө салуу Банктын кызмат адамдарынын жана/ же кызматкерлеринин демилгеси боюнча, ошондой эле Комплаенс-көзөмөл башкармалыгынын демилгеси боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн.

7.28. Комплаенс-көзөмөл башкармалыгы мүмкүн боло турган жана болгон таламдардын кагылышуу фактылары жөнүндө жана таламдардын кагылышуусу менен байланышкан коркунучтар жөнүндө Банктын жетекчилигин маалымдайт.

## ГЛАВА VIII. БЕЛЕКТЕРДИ ЖАНА КАЙРЫМДУУЛУКТАРДЫ КАБЫЛ АЛУУГА КАРАТА ЧЕКТӨӨЛӨР

8.1. Кыргыз Республикасынын “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” Мыйзамына ылайык, Банктын кызмат адамдарына жана кызматкерлерине өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруусуна байланыштуу, наркы он эсептик көрсөткүчтөн ашпаган адаттагы белектерден тышкары, жеке же юридикалык жактардан белектерди алуусуна, ошондой эле расмий иш чараларды өткөрүүдө, жалпы кабыл алган сылыктык эрежелерине ылайык көңүл буруу белгилердин же сувенирлердин алуусуна тыюу салынат.

8.2. Банктын кызматкерлерине жана/ же кызмат адамдарына, расмий иш чараларды өткөрүүдө, жалпы кабыл алган сылыктык эрежелерине ылайык, наркы ушул главанын 8.1 пунктунда белгиленген суммадан ашпаган, көңүл буруу белгилерден же сувенирлерден тышкары, чечимдерди кабыл алууга кызыкдар болгон адамдардан белектерди алууга, ошондой эле ушул адамдар сунуштаган ар кандай түз же кыйыр пайдалар менен пайдаланууга тыюу салынат.

8.3. Ушул Саясаттын максаттарында, ушул кызматкердин Банктагы иши менен байланышкан кандайдыр иш-аракеттерди/ аракетсиздикти жүргүзгөнүнө байланыштуу, Банктын кызматкеринин жана/ же кызмат адамдын жакын тууганына

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

берилген белектер Банктын кызматкерине жана/ же кызмат адамына берилген белек болуп саналат.

8.4. Банктын кызматкерлерине жана/ же кызмат адамдарына жеке жана юридикалык жактардан кайрымдуулуктарды, эгерде кайрымдуулук чечимдердин кабыл алуусуна таасир тийгизсе, ошондой эле Банктын муктаждыктарына ар кандай мүлктүк жардамды талап кылууга жана алууга тыюу салынат.

8.5. Эгерде кайрымдуулук таламдардын кагылышуусуна негиз болбосо, Банктын жетекчилиги, кызматчылардын окуусуна же эмгектин уюштурулушуна жана материалдык-техникалык базаны жакшыртуусуна тиешелүү болгон, Банктын муктаждыктарына кайрымдуулукту алса болот. Кайрымдуулук наркына карабастан, Банктын менчигине өткөрүлүп берилиши зарыл.

## ГЛАВА IX. ЖООПКЕРЧИЛИК

9.1. Банктын бардык кызмат адамдары жана кызматкерлери, ээлеген кызматтарына карабастан, ушул Саясаттын принциптерин жана талаптарын сакталышы үчүн жеке жоопкерчилик тартышат, ошондой эле түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери, аларга баш ийген кызматкерлери ушул Саясатта белгиленген талаптарды жана принциптерди бузуп, аракеттенгени (аракетсиздиги) үчүн жоопкерчилик тартышат.

9.2. Банктын кызматкерлери жана/ же кызмат адамдары таламдардын кагылышуусун өз убагында ачпаса, алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Банктын ички ченемдик документтерине ылайык жоопкерчилик тартышат.

9.3. Эгерде Банктын кызматкери мүмкүн боло турган таламдардын кагылышуусу жөнүндө жазуу түрүндө билдирип, жана бул билдирүү жакшы ой менен жасалып, бирок текшерүүнүн жүрүшүндө тастыкталбаса, Банктын кызматкери санкцияларга тартылбайт (анын ичинде жумуштан бошотулбайт, кызматынан төмөндөтүлбөйт ж.б.).

Бирок, эгерде мындай билдирүү жаман ой менен жасалса, же жалган болсо, мисалы, жалаа жабуу же кандайдыр бир преференцияларды алуу же жоопкерчиликтен качуу максатында болсо, мындай кызматкерге карата, Банктын ички ченемдик документтерине жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, чаралар көрүлөт.

9.3. Ушул Саясатты аткаруу, Кыргыз Республикасынын “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” Мыйзамын аткаруу боюнча Банк Башкармалыгын жана Директорлор кеңешин жоопкерчиликтен бошотпойт.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com



«Айыл Банк» ААКсында таламдардын каршы келип калышына жол берүү саясатына карата

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

**1-Тиркеме**

# ТАЛАМДАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУ ЖӨНҮНДӨ ДЕКЛАРАЦИЯ

1. Банктын кызматкеринин жана кызмат адамынын фамилиясы аты-жөнү: ______________________________________________________________

2. Ээлеген кызматы:_____________________________________________________

3. Банктын түзүмдүк бөлүмүнүн же филиалынын аталышы:
______________________________________________________________

4. Таламдардын кагылышуусунун (мүмкүн боло турган же болгон) мазмуну:
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

5. Аткарууда таламдардын кагылышуусу пайда болушу мүмкүн болгон (пайда болгон) Банктык операциясы (бүтүмү):
□ кредитти же анын ордуна (лизинг ж.б.) берүү;
□ Банк үчүн товарларды же кызматтарды сатып алуу;
□ башкасы, төмөн жакта көрсөтүүңүз:
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

6. Банктын контрагенттери менен өз ара байланышуу:
□ жакын тууган же никеде туруу;
туугандын/ күйөөсүнүн/ аялынын аты-жөнү жана кандайча тууган;
□ Банктын кызматкеринин же кызмат адамынын юридикалык жагынын капиталына катышуу;
эгерде Банктын кызматкери катыш үлүшүнө өзү ээ болбосо, юридикалык жактын аталышын, катыш үлүшүнүн өлчөмүн, катышуучунун/ акционердин аты-жөнүн жана кандайча тууган болгонун көрсөтүңүз;
□ Декларант же анын жакын туугандары/ күйөөсү/ аялы Банктын контрагентинин - юридикалык жактын жетекчиси болуп саналабы;
юридикалык жактын аталышын, жетекчинин аты-жөнүн жана кандайча тууган болгонун көрсөтүңүз;
□ башкасы, төмөн жакта көрсөтүүңүз:
______________________________________________________________
______________________________________________________________

Күн Колу

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

«Айыл Банк» ААКсында таламдардын каршы келип калышына жол берүү саясатына карата

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

**№2 тиркеме**

**Күнү____________**

**«Айыл Банк» ААКсынын кызматкелери жана кызмат адамдары үчүн**

**СУРАМЖЫЛОО БАРАКЧАКСЫ**

____________________________________________________________

(түзүмдүк бөлүмдүн/филиалдын аталышы)

| № | Банктын кызмат адамынын/кызматкеринин аты-жөнү, ээлеген кызмат орду | Тууганддарынын аты-жөнү | [1]Тууганчылык байланышы | Түзүмдүк бөлүмдүн аталышы жана ээлеген кызмат орду | Мезгил аралыгы (Банкта канча убакыттан бери иштеп келе жатат | Кызмат кердин кол тамгасы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |

**Түзүмдүк бөлүмдүн начальнигинин/ филиал башчысынын кол тамгасы**

/

____________________/

Эскертүү:
Тууганддардын аты-жөнүн жана алар иштеп жаткан түзүмдүк бөлүмдү/филиалды көрсөтүү зарыл. Кайталап жүргүзүлгөн текшерүүнүн жүрүшүндө буга чейин туура эмес, такталбаган маалыматтардын сунушталгандыгы аныкталган учурда, жоопкерчилик чеги колдонуудагы мыйзамдарга жана Банктын ички ченемдик документтерине ылайык кароого алынат.

---

[1] Тууганддар дегенден улам, кызматкердин жубайын, ата-энесин, балдарын, асырап алган балдарын, ага-инисин, эже-сиңдисин/карындашын, чоң ата, чоң энесин, неберелерин түшүнүү зарыл.

»